**УДК 373.24 https://doi.org/10.56122/..v2i2.239**

# СЕНСОРДУК ТАРБИЯ ЖАНА ЭРТЕ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна, ОшМПУнун Колледжи, окутуучу
*e-mail:* merinsa.nishanbayeva@mail.ru

# СЕНСОРНОЕ ВОСПИТАНИЕ И РАЗВИТИЕ СПОСОБНОСТЕЙ ДЕТЕЙ РАННЕГО ВОЗРАСТА.

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна, Колледж ОшГПУ, преподователь

# SENSORY EDUCATION AND THE DEVELOPMENT OF EARLY CHILDHOOD ABILITIES

Nishanbaeva Mernisa Anarbaevna, College of OshSPU, teacher

**Аннотация.** Бала бакчада балдарды ар түртүү сенсордук тарбиянын көрөңгөсү байытууга көмөк көрсөтүү менен алардын кабыл алуусуна көңүл бөлүнөт. Бала бакчадагы балдар жаш курагына жараша көп нерселердин сапатын белгилерин ажырата билүүгө тарбиялоо жакшы жыйынтык берери шексиз. Анткени балдар өздөрү ойногон оюнчуктарды чачып, кайра жыйнап ойлоого жана кубиктерди, пирамидаларды, үч, төрт бурчтук түрүндөгү ар кандай формадагы фигураларды таанып билүүсүнө сенсордук тарбиянын өзгөчөлүгү бар экенин белгиленген. Балдар бала бакчадагы ар кандай оюнчуктарды кармап көрүп алардын көлөмүн, чондуктарын, чоң, кичине, жумшак, катуу экенин сезип, андан таасирленип, көп колдонуучу оюнчуктарды таанып, билип үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Көпчүлүк учурда балдар нерселердин айырмачылыктарын узун- кыска, бийиктиктерди жана айлана чөйрөдөгү ар түрдүү формадагы буюмдарды кабыл алуу аларды сезүү, бөлүп кароо сенсордук тарбиясынын негизги өзгөчөлүгү. Бала бакчадагы өтүлгөн сабактардын айырмасын,окшоштук жактарын тактап билүүгө тарбиялоо жакшы жыйынтык берери анык. Балдар курчап турган чөйрөнүн нерселерди үлгүсүн көрө билүүсү, угуу, жыт билүү, дам татуу жана сезүү, кыймыл аракеттерди өнүктүрүү сенсордук тарбиянын негизи бөлүгү.

**Ачкыч сөздөр:** сенсор, тарбия, форма, балдар, эрте курак.

**Аннотация:** В детском саду внимание уделяется восприятию детей, помогая обогатить показ мультисенсорного образования. Нет сомнения, что обучение детей в детском саду уметь различать признаки качества многих вещей в зависимости от их возраста даст хорошие результаты. Потому что было отмечено, что сенсорное обучение имеет особенность: дети разбрасывают и собирают игрушки, с которыми играют, а также думают и узнают кубы, пирамиды, треугольные и квадратные формы. В детском саду дети держат в руках разные игрушки, ощущают их величину, величину, большие, маленькие, мягкие, твердые и получают возможность узнавать и изучать многофункциональные игрушки. В большинстве случаев основной характеристикой сенсорного образования детей является восприятие различий между вещами длинными и короткими, высотой и предметами различной формы в окружающей среде. Понятно, что обучение знанию различий и сходств уроков в детском саду даст хорошие результаты. Развитие у детей способности видеть, слышать, обонять, чувствовать вкус и ощущение, двигательная активность является основной частью сенсорного воспитания.

**Ключевые слова:** сенсор, образование, форма, дети, возраст.

**Annotation:** In kindergarten, attention is paid to children's perception, helping to enrich the display of multisensory education. There is no doubt that teaching children in kindergarten to be able to distinguish the signs of quality of many things depending on their age will give good results. Because it was noted that sensory learning has a feature: children scatter and collect toys with which they play, and also think and recognize cubes, pyramids, triangular and square shapes. In kindergarten, children hold different toys in their hands, feel their size, size, big, small, soft, hard and get the opportunity to recognize and study multifunctional toys. In most cases, the main characteristic of children's sensory education is the perception of differences between long and short things, height

and objects of different shapes in the environment. It is clear that teaching knowledge of differences and similarities in lessons in kindergarten will give good results. The development of children's ability to see, hear, smell, taste and feel, motor activity is the main part of sensory education.

**Keywords:** sensor, education, form, children, age.

Сенсордук тарбия аркылуу балдардын сезим талдыгын эрте өнүктүрүүгө болот. Мектепке чейинки жаштагы балдарда сезимталдык процессин жакшы өркүндөтүү үчүн жаш курагына карата тарбиялоо чоң роль аткарат. Ар бир бала өз алдынча жөндөмдүүлүктөргө ээ экендигин эске алуу бала бакчадагы тарбиянын негизги бөлүгү болуп эсептелет. Балдардын эрте өнүгүүсү бул аларга жакшы көңүл буруу сезүү маданиятын калыптандыруу эң маанилүү орунду ээлейт. Мектепке чейинки жаштагы балдардын сенсордук өнүгүүсүнө сезүү жөндөмдүүлүгү калыптанышына тарбия берүүгө милдеттүү ата-энелер, тарбиячылар таасирдүү экендигин байкоого болот. Буюмдарын бири-бирине окшоштуктарын айырмалай билүү, карап көрүү, өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмү кандайдыр бир окшоштуктар менен тактоо аракети сендордун тарбиянын башаты. Балдар өздөрүнө керектүү оюнчуктарынын бири-бирине окшоштуктарын айырмалай билүү, колдору менен кармап көрүү, өзүнө керектүү оюнчуктарын кубиктерден чогултуп кандайдыр бир нерселерди жасап көрүү дагы сезимталдык жөндөмү өнүгүшүнө жардам берет берет. Ошол эле учурда окшоштуктар бар оюнчуктарды тотоо, алардын аталыштарын билүү аракети сенсордук тарбия берүүдө ролу өзгөчө. Балдарды ар түрдүү предметтерди өңү, формасы көлөмү боюнча салыштырып аларды ирети менен тизип көрүү аракети сенсордук тарбия. Сенсордук тарбия берүүнүн негизги максаты балдар турмуштагы ар кандай көрүнүштөрдү таанып билүү жана ойлорун бекемдөөгө негиз болот. Тарбия берүү менен балдардын билимин быктыктоо учурунда алар түстөрдү, ачык түстөрдү тандар алуу, өздөрүнүн чыгармачылыгы менен ар кандай түстүү кагаздардан гүлдөрдү жасоо, ийлеп-чаптоо иш аракети сенсордук, сезимталдык жөндөмү өнүгүшүнө шарт түзүлөт. Бала бакчада чопо, пластилинден ар түрдүү формадагы оюнчуктарды өз колдору менен жабыштырып чайнек, табак жана ар кандай мөмө жемиштерди жасоого үйрөтүү сенсордук белгилерди билүүгө үйрөтөт[4].

Баланын сенсордук өнүгүүсү - бул анын кабылдоосунун өнүгүшү жана нерселердин сырткы касиеттери: алардын формасы, түсү жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптанышы. Эң негизги сенсордук өнүгүү мектепке чейинки жана эрте курактагы балдарга баа берүү кыйын. Анткени дал ушул убакта балдарга жагымдуу жагдайды сезүүсүнө курчап турган дүйнөнүн таасири күчтүү. Сенсордук өнүгүүсү бир жагынан алып караганда жалпы баланын акыл-эсинин калыптанышына фундамент түзүлөт жана жөндөмдүүлүк аракетти пайда болот. Ал эми экинчи жагынан алып карасак бала өз алдынча аракеттенүүсү толук кабыл үчүн билим тарбия берүү жактарына көңүл бөлүү жана бала бакчада көп түрдүү эмгек жасоого тарбиялоонун дагы ролу өзгөчө болот. Баланын сенсордук тарбиясына сезүү жөндөмүнө курчап турган айлана-чөйрөгө көз каранды. Балдардын таанып билүү сезимдери аркылуу эстеп калуу, ой жүгүртүү, кыялдануу кандайдыр бир предметтин формасына көңүл буруу жана жаңы ыкмалардын түзүлүшү кабыл алуунун жолдорунун жыйынтыгы көп иш аткарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан эрте курактагы балдар эрктүү болууга акыл-эстин өнүгүү жактары колдоого муктаж экенин билүүгө болот. Бала бакчада балдар сүрөт тартууну, ийлеп чаптоо, конструкциялоо, жаратылыш, негизги математикалык сабатуулукка көңүл бөлүүдө сенсордук өнүгүүсүнө негизге орунда болот.[1] Бардык учурда жана ар кандай шартта көңүл бөлүүнү талап кылат жана жөндөмүн өнүгүүсүнө көңүл бөлүнөт. Мындай учурда бала түстөрдү тандоого, сүрөт тартууга, музыкалык ыргактарды үйрөнүүгө өзгөчө маани берет. Сенсордук тарбиялоо жана бала жетиштүү деңгээлде баардык предметтердин формасын тышкы көрүнүштөрүнө, түсүнө көнүл бөлүү жактарын калыптандыруу жана сезимин өнуктүрүүгө шарт түзөт. Бала сенсордук тарбия аркылуу жандуу жана жансыз жаратылышты таануу жана жан-дүйнөсү менен кабыл алуу, баардык көрүнүштөрдү түшүнүү тарбиянын негизги бөлүгү. Математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу менен геометриялык фигуралардын

формаларын, ар түрдүү көлөмдөрүн таанып билүү жактары жана акыл-эсин өнүктүрүүдө чоң жоопкерчиликти талап кылат. Баланын акыл-эсине жана сабатуулугуна сүйлөө чеберчилиги, үндөрдүн өзгөчөлүгүн, сезүү, көрүү жөндөмүнө сенсордук тарбия берүүнүн ролу чоң. Бала бакчада сенсордук өнүгүү менен баланын тарбиясы тыгыз байланышта болот. Баланын кыймыл аракети физикалык жактан өсүшүнө, акыл-эсине түрткү берет. Сенсордук тарбиянын негизги багыты балдардын чыгармачылык ишмердүүлүккө багыт алышы, колдору менен түрдүү обьективдүү тышкы көрүнүштөрдүн касиеттерин кабыл алуусу анын калыптанышы чоң мааниге ээ. Ал эми табигый нерселерди реалдуулукту билүү менен балдар ар кандай өздөрүнүн ички сезиминдеги маанилүү ойлорун туура айтууга үйрөтүү тарбияга жакшы жыйынтык берет. Музыкалык табитин жана кабылдоосун билимин өркүндөтүү боюнча алар сүйлөө чеберчиликти, музыканын ыргактарын ажырата билүү баланын сезүү жөндөмүнүн белгилүү бир элементи калыптанат. Сенсордук тарбия жана акыл эстин өнүктүрүү баланын сезүү жөндөмү менен тыгыз байланышта болот. Сенсордук маданиятка баланы тарбиялоодо форманы, көлөмдү, түстү кабыл алуу касиеттери менен тааныштыруу бала бакчадагы сенсордук тарбиянын негизги максаты болуп саналат. Ар бир куракта балдар сенсордук тарбиянын милдеттерин сезип билип ошол көрүнүштөр аркылуу өсүп өнүгүүгө негиз түзүлөт. Балага сенсордук тарбия берүү аркылуу сезимталдыгына таасир бере турган материалдар аркылуу баланы эрте өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Сенсордук тарбия берүү аркылуу баланын ой жүгүртүүсүн таанып билүү жондөмдүүлүгүнө багыталган ар тараптуу өнүгүүсүнө багыт берилет. Баланын сезимтал курагы эрте курактан эле башталат. Бала курчап турган айлана-чөйрө аркылуу ар түрдүү көлөмдөгү буюмдарды, жаратылыштын кооздуктарын, жыл мезгилиндеги өзгөрүүлөрдү таанып билүү жөндөмүнө ээ болот. Сенсордук өнүгүү ыкчам болуш үчүн ар кандай дидактикалык оюндар аркылуу машыгууларды жасайт, баардык эле эрте курактагы балдарда бирдей мүнөздө өнүкпөйт. Сенсордук өнүгүү баланын кызыгуусуна, акыл-эси менен айырмалай билүүгө үйрөтөт. Буга мисал катары алсак бала көзүн жумуп туруп даамды сезип, кармап көрүп буюмду ажырата билүүгө тарбияласа болот деп ишенимди айтышкан[1]. Өзүнүн жеке жашоосуна таандык болгон буюмдарды колдонуу аракети аны акыл-эси менен кабыл алуусу баланын сезимтал мезгилине карата өнүктүрүүгө болот. Ар түрдүү оюнчуктарды кармап анын жумшак, катуураак экенине байкоочу бул баланын таанып билүүдөгү майда моторикасын пайда болушуна алып келет. Кандайдыр бир буюмдарды ирээттеп,аларды көлөмүнө жараша тизип жээ топтоо сыяктуу көнүгүүлөрдү жасоону үйрөтүү жакшы жыйынтык берет. Бала бакчада балдар өздөрүн өздөрү тейлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү менен буюмдарды өз ордуна жайгаштыруу алардын түстөрүнө карап бөлүү, өз ордуларына коюуу, жыйноо өлчөмүнө жараша жайгаштырууга үйрөтүү баланын сезимталдык көз карашы өнүгөт. Мындай балдар тынымсыз кыймылда болуп көптөгөн иштер менен алектенген баланын колдору, манжалары эптүү, тыкан болгонго үйрөтөт. Баланын жашоосундагы көнүгүүлөр баланын сезимтал жана акыл-эстүү болууга тарбиялайт. Сенсордук тарбия процессинде бала өзүнүн акыл-эсине таянып жеке сезимдерин пайдалана алат. Эстетикалык тарбия менен сенсордук тарбия тыгыз байланышта болот жана баланын көркөм табитин өстүрүүгө көмөк көрсөтөт. Балдар эрте курактан баштап эле сенсордук тарбия аркылуу түстөрдү, буюмдарды, ачуу, тартууну айырмалап билүү жөндөмү пайда болот[3].

Кыргызстандын белгилүү окумуштуусу Г.Мадаминовдун эмгектерине таянсак мектепке чейинки курактагы балдарга сенсордук өнүгүүсүнө, акыл-эсинин, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өзгөчө мааниге берген. Баланын сенсордук тарбия өнүгүү деңгээли физикалык жана эстетикалык тарбиянын негизги бөлүгү болуп эсептелет. Бала бардык нерселерди толук угуп, көрүп,билип, колу кармап, акыл-эс менен кабыл алышы сенсордук тарбияга көз каранды. Бул мектепке чейинки жаштагы балдар үчүн эң кызыктуу жана аларды тарбиялоо учурундагы аракеттеринен байкоого болот. Эрте жаш курактагы балдар өз алдынча ар түрдүү оюндарды ойноого үйрөтүү, бири бири менен мамиле түзүү жөндөмүн өнүктүрүү тарбиянын негизги багыты. Дидактикалык оюндар аркылуу балдар билгичтик менен тандоого аракет жасоосу анын сезимталдыгын өнүгүусүнө натыйжа берет[5]. Балдардын жөндөмүнө аракетине таянып

алардын дүйнө таанымын кенейтүү кызыктуу оюндардын жаны формаларын үйрөтүү тарбиянын таасирдүү болушуна өбөлгө түзөт. Балдар кичинекей кезинен эле өздөрүнө айтылган сөздөрдү түшүнүү менен чектелбестен жаңсоо, кыймыл-аракет аркылуу дагы чагылдырылат, алар бир нерсени көрсөтүп, чоң адамдардын суранычы менен алып келишет. Мындай көрүнүштөр балдардын таанып билүү жөндөмдүгүн өнүктүрөт, өзүнүн идеяларын активдүү билдирүүсү маанилүү көрсөткүчтүн бири. Балдардын ойлорунун ачык болушу ар бир ишке эрктүүлүк менен мамиле жасашы ар бир куракта өзгөчө өнүгүүсү сенсордук тарбияга көз каранды

Бул касиеттер менен бала бакчадагы балдарды тааныштыруу балдардын таануу көрүү ишмердүүлүгүн өздөштүрүүсү сенсордук тарбиянын негизги мазмуну болуп саналат. Мындай алып караганда жоон дарак, ичке дарак, узун сызык, кичине сызык, бийик дарбаза, жапыз дарбаза деген түшүнүктөргө багытталган сезимталдык тарбиянын негизги этабы катары белгиленген. Балдар эрте курактан баштап эле искусствонун түрлөрүн көркөм образдарды ажырата билүүгө үйрөнө баштайт. Мектепке чейинки курактагы балдар көркөм образдар аркылуу жомоктун каармандарын таанып театрлаштырылган оюндарды аткарып өздөрүнүн сезимталдык тарбиянын чөйрөсүн түзөт. Балдар өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүп ар түрдүү мүнөздөгү деталдарды өз алдынча изденип көп аракеттерди жасаганга күбө болобуз. Бул балдардын сенсордук сезимин өнүктүрүүгө ар материалдардан ар кандай фигураларды, оюнчуктардын түрлөрүн жасоого аракеттенишет[2]. Эрте курактагы баланын сенсордук өнүгүүсү үчүн оюндун түрдүү элементтерин, эрежелерин таанытуу өзүнүн жүрүм турумун башкара билүү, өзүнүн жасаган иштерине кызыгуусу баланын активдүүлүгүн жаратат. Бир эле мезгилде балдар көп түрдүү эмгек жаратышы мүмкүн, өздөрүнүн колдору менен ар кандай түстөгү кагаздардан жомоктогу каармандарды жасап, аны кооздоп көрсөтүүгө аракет жасаганы сенсордук өнүгүүсүнүн негизги белгилери. Мектепке чейинки билим берүүнүн тарыхында анын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында бул маселе борбордук орундардын бирин ээлеген. Бул иш бизди да кызыктыргандыктан, аны мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөө бала бакчада колдонулат. Бул курактагы балдарды өз алдынча ар кандай оюндарды ойноого үйрөтүү керек (дидактикалык, жомоктук, активдүү).

Балдардын кичинекей кезинен баштап көз таанып билүү жөндөмүн кеңейтүү сенсордук тарбия берүүнүн көрөнгөсүн байытуу тереңдетүү негизги орунда турат. Ошол үчүн балдар өзүнүн бул жашоосунда көптөгөн иш аракетти жасоого аракеттенет (түстөрдү ажыратат,музыка угуу жөндөмү калыптанат, булчуң сезими өсөт). Ошол маалымат аркылуу куурчап чөйрөгө туура багыт алуу, жаратылышты кооздукту тааныштыруу бул сенсордук тарбиянын негизги аракетинин натыжасы. Ошентип, бала алган маалыматты өзүнүн болгон билими жана тажрыйбасы менен байланыштыра билиши керек. Адегенде балдардын активдүүлүгү жана жекече кыймыл аракети, эс- акылы эске алынат. Акырындык менен балдардын кабылдоосу, акыл-эси, жөндөмү өнүгөт, айлана-чөйрөгө болгон жоопкерчилиги, кызыгуусу артат жана сенсордук тарбия берүү балдардын билгичтик жана таанып-билүү жөндөмдөрү ар кандай оюнчуктарды туура тандоого, акыл-эсин өстүрүүгө басым жасалат. Балдар үчүн кызыктуу оюндарды уюштуруу, жаңы көрүнүштөрдү үйрөтүү сенсорду тарбия берүүдө эң таасирдүү болот. Балдардын кызыгуусун кандайдыр бир жолдор менен колдоп,аларга багыт берип эмоцияларын ойготуу бала бакчаларда кенен колдонулуп келет. Балдарга багыт берүү алардын жасаган иштерине байкоо жүргүзүү сезимталдык мамилелердин калыптануусуна жаш курактагы баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө мамиле түзөт. Балага сенсордук тарбия берүүдө предметтердин тышкы касиеттерин алардын формасын, түсүн, көлөмүн кабыл алуусу аны касиеттери менен тааныштыруу бала бакчада сенсордук тарбиянын көрөнгөсү болуп саналат. Балдардын сезүү жөндөмдүүлүгүң өнүктүрүү активдүүлүктүн негизги ролу жана көптөгөн предметтерди ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн калыптануусуна көз каранды. Ар бир куракта сенсордук тарбия берүүнүн милдеттери болот жана бала бакчада балдапрдын сезүү билүү жөнждөмдөрү калыптанат[4].

Адабияттар.

1. Мадаминов Г.М "Акыл эмгегинин маданияты" Бишкек 2020-ж. 88-89б
2. Тарбиячыларга кеп кеңештер 33-34б.
3. Термечикова Ч.Ж. Балдарыбыз өксүбөй жетилсин 20-21б.
4. А.Алимбеков."Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы" Бишкек 2019-ж. 20-21,30 -31б.
5. Г.Мадаминов., "Бала тарбиялоодогу жаңы ыкмалар"., Бишкек 2019-ж. 35-36б.

## БАЛДАРДЫН АКЫЛ-ЭСИ, СЕЗИМИ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН РОЛУ

Таабалдиева Айнур Абдырахмановна окутуучу, магистр
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
ajnurutaabaldieva@gmail.com
Султанова Айсалкын Жаныбековна магистрант
Ош мамлекеттик педагогикалык университети

***Аннотация:*** Бул макалада балдардын акыл-эси, сезими жана чыгармачылыгынын өнүгүүсү адамзат коомунун келечеги үчүн абдан маанилүү экендиги талкуулоого багытталган. Бул процесс баланын жалпы психикалык, интеллектуалдык жана эмоциялык абалын, ошондой эле алардын эмоциялык жана чыгармачыл активдүүлүгүн колдоо зарылдыгын баса белгилейт. Бала эрте курагынан баштап эле дүйнөнү тааный баштайт, анын акыл-эсине, сезимдерине жана чыгармачылык чөйрөсүнө тарбиячылар, ата-энелер маанилүү таасир этет. Жакшы өнүгүү үчүн баланын акыл-эсин өнүктүрүүгө багытталган оюндар, окуулар жана ар кандай чыгармачылык ишмердүүлүктөр атайын иштелип чыгып, алардын интеллектин, логикалык ой жүгүртүүсүн жана эмоциялык сезимдерин бекемдөөгө жардамы тиет. Чыгармачылыкты өнүктүрүү баланын өзүнүн ички дүйнөсүн ачууга, чыгармачыл идеяларды ишке ашырууга, өзүн-өзү билдирүүгө мүмкүндүк берет. Бул процесстин маанилүүлүгү келечектеги жашоонун сапатына түздөн-түз таасирин тийгизет.

Баланын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө багытталган тынымсыз колдоо баланын келечектеги туруктуу, ийгиликтүү жана креативдүү жашоосуна шарт түзөт.

***Ачкыч сөздөр:*** Акыл-эс, психологиялык жана когнитивдик өнүгүү, эмоционалдык интеллект, чыгармачыл иш-аракеттер, тарбия, билим, балдардын потенциалы, социалдык адаптация, ата-энелердин ролу

## РОЛЬ В РАЗВИТИИ ИНТЕЛЛЕКТА, ЧУВСТВ И ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ ДЕТЕЙ

Таабалдиева Айнур Абдырахмановна преподаватель, магистр
Ошский государственный педагогический университет
ajnurutaabaldieva@gmail.com
Султанова Айсалкын Жаныбековна магистрант
Ошский государственный педагогический университет

**Аннотация:** Целью данной статьи является обсуждение того, что развитие детского разума, чувств и творческих способностей очень важно для будущего человеческого общества. В этом процессе подчеркивается необходимость поддержки общего психического, интеллектуального и эмоционального состояния ребенка, а также его эмоционально-творческой активности. Ребенок начинает познавать мир с раннего возраста, воспитатели и родители оказывают важное влияние на его разум, чувства и творческие способности. Для хорошего развития специально разработаны игры, занятия и различные творческие занятия,